# Мухомор – куткаруучу



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Айжамал Борисова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Мухомор – куткаруучу

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Айжамал Борисова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мухомор – куткаруучу" (кыргыз тилинде), автор Ирина Молчанова, сүрөтчү Айжамал Борисова, которгон Талгат Деркембаев

*Мухомор-спасатель*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Токой четинде Мухомор козу карын жашачу. Аны Чымын кыргыч,  Кызыл темгил деп да коюшат.

Мухомор менен эч ким дос болгусу келчү эмес. Ал каардуу жана ар дайым баарына наараазы боло берчү. Башка козу карындарды мазактап, өзү көп мактанчу.

Анткени, жалгыздыктан Мухомордун мүнөзү терс болуп өзгөргөн эле. Ал топтошуп бир дүмүрдө ынтымактуу бир үй-бүлө болуп жашаган Опята козу карындарга ичи тардык кылчу. Дайыма шаңдуу жүрүшкөн татынакай Волнушка-сүйлөөккө да ичи тардык кылчу. Дайыма апакай буту менен зыңкыйып турган Ак козу карынга да да ичи тардык кылчу. Ак козу карын көп сүйлөбөй бир мүнөз болчу. Аны бардыгы сыйлашчу.



– Баары бир мен силердин араңардагы эң сулуу козу карынмын! – деп бир жолу кыйкырды Мухомор.

– Ха-ха-ха, – деп токой четиндеги козу карындар каткырып жиберишти.

– Сулуу болсоң эмне экен? Баары бир сен уулу жана эч кимге пайдаң тийбеген козу карынсың. Сенин эч кимге керегиң жок, – дешти.

Мухомор чөптүн арасына жашынып, ызасына чыдабай ыйлап жиберди.

– Мен эмнеге мындай уулуу, пайдасы жок болуп өсүп калдым экен? Эч ким мени менен достошкусу келбейт. Эч кимге керегим жок, – деп көз жашын төктү.

Бир маалда токой четинен бир тыйын чычкан секирип келип калды. Анын тынчы кетип, бир нерсени издеп жаткандай түрү бар.


– Сага эмне болду, тыйын чычкан? – деп сурады Ак козу карын.

– Балам ооруп жатат. Бүт токойду аралап, козу карын дарыгерди издеп таппай койдум.

– Анын аты ким? – деп сураштты Опята козу карындар.

– Ал – Мухомор. Балким, силер аны көргөн чыгарсыңар. Анын ак темгили, ачык-кызыл баш кийими бар болчу, – деди Тыйын чычкан эне.





– Кандай дейсиз? – деп козу карындар жапырт сурап калышты.

– Эмне кызыл-темгил Мухомор бирөөнү куткара алабы? – деп Волнушкалар аябай таң калышты.

– Кызыл-темгил Мухомор  уулуу болсо да, анын калпагында менин баламды айыктыра турган бир зат бар, – деди Тыйын чычкан.

– Мен бул жердемин. Силерден жардамымды аябайм, – деп  чөптөрдүн арасынан Мухомор көрүндү.

– Аябай жакшы болбодубу? Балам сакайып кетет экен! – деп Тыйын чычкан кубанып калды.

Козу карындар Тыйын чычкандын баласын сактап калган Мухомор жөнүндө көпкө чейин шыбырашып сүйлөшүп жатышты. Алар мындан ары Мухоморду таарынтпай жүрүүгө макулдашышты. Аны эч кимге кереги жок деп айтпоого убада беришти.

Ошондон бери, Мухомор ачууланбай, таарынбай, боорукер болуп калды. Ал да пайдалуу экенин түшүндү. Анын ачык кызыл түсү – дары катары гана колдонуларын, жегенге болбой тургандыгын, уулуу экенин билдирет!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Айжамал Борисова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - **2.1 деңгээли**
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли